Бекитемин

№90 толук эмес орто мектеби

Мектептин мудуру

Кулушева Д.С.

**2019-2020- окуу жылына мектеп психологунун отчету.**

Мектеп психологунун негизги максаты окуу жана тарбия иштеринин сапатын жакшыртуу менен окуучулар жана ата-энелердин бири- бирине болгон мамилелерин бекемдөө,балдарды тарбиялоодо аларга психологиялык жардамдарды көрсөтүү. №90 толук эмес орто мектебинде көп улуттун балдары окушат,ошондуктан окуучулар жана ата-энелер арасында улут аралык конфликт болтурбоо максатында профилактикалык иш чаралар өткөрүлөт.

Окуу процесинде психологдун жардамына бардыгы эле муктаж, өзгөчөчо окуучуларга жеке өнүгүүлөрүндө келип чыккан ар кандай көйгөйлөрдү чечүүгө, оз ара мамилелерди жөнгө салуу же кесип тандоо, өз жөндөрүн же шыгын аныктоого мектеп психологунун жардамы керек.

Бул маселерди чечүү үчүн алар менен жекече же топтор менен тестирлөө, сурамжылоо – анкеталар,аңгемелешүүлөр жүргүзүлөт.

Ошондой эле окуучулар менен алардын ата-энелеринин же класс жетекчилеринин өтүнүчтөрүнүн негизинде белгилүү ар кандай ыкмалар: арт терапия, жомок терапия, тренингдер жана оюндар өткөрүлөт. Группалык же жекече психодиагностикалык жана психокоррекциялык- өнүктрүүчүлүк иштер аткарылат. Мындан сырткары башталгыч класстардын окуучуларынын окуу процесстерине көнүү, алардын окууга болгон кызыгууларына байкоолор жүргүзүлөт, окуу жылынын аягында 4-класстардан “Мен 5-класстан эмнени күтөм?” деген тема менен комплекстүү чоң багытта иштер аткарылып, педогогикалык кеңешмеде талкуулар болот.





Мугалимдер,класс жетекчилер жана ата-энелер үчүн психологиялык кеңештер берилип турат. Негизинен 2018-2019-окуу жылына карата белгиленген иш чаралардын бардыгы аткарылды. Бирок,окуу жылына белгиленген иш чараларды толук кандуу аткарууга тоскоолдуктар бар десек болот:

• Ал окуучулардын окууга болгон кызыгуулары төмөн;

• Эс тутумдары начар же кош көңүл окуучулар;

• Айрым жаш ата-энелердин бала тарбиялоодо тажрыйбасыздыгы же б.а. педогогикалык билимсиздиги;

• Мигрант ата-энелердин балдары тууган уруктарында калтырылган;

• Балдарынын окуусуна же тарбиясына көзөмөл жасабаган ата-энелер;

• Ушул жана башка көйгөйлөрдү өз деңгээлинде чечүү үчүн мектепте толук шарттын жоктугу башкача айтканда психолог үчүн өзүнчө кабинеттин жоктугу.

Планда көрсөтүлгөн иш чаралардан окуучулар менен арт терапия жана группалык оюндарды, көнүгүүлөрдү аткарууга толук мүмкүнчүлүк болгон жок, себеби аларды өткөрүүгө орун жок.

2019-2020- окуу жылына мектеп психологунун алдындагы максаттар:

• Башталгыч класстарынын окуучулары менен басымдуу иштерди аткаруу;

• Отүнүчтөр боюнча коррекциялык-өнүктүрүүчүлүк иштерди колго алуу;

• Ата-энелер менен иштерди күчөтүү;

• Бүтүрүүчү класстардын окуучулары менен кесип тандоо багытында иштерди аткаруу.

Психолог Абдыкеримова М.С.